**Ак-Тилек орто мектебинин соц педагогунун 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган ишинин жылдык анализи.**

1. **Жарым жетим - 8**
2. **Көп балалуулар - 16**
3. **Тоголок жетим -**
4. **Майып окуучу - 1**
5. **Аз камсыз үй-бүлөлөр - 4**
6. **Тышкы мигрант үй-бүлөлөр - 3**
7. **Толук эмес үй - бүлөлөр- 19**

Ак-Тилек орто мектебинде сентябрь айында окуучулардын жалпы контингентин аныктап, тактоо иши жүргүзүлдү. Социалдык коргоого муктаж балдардын жана класстардын паспорттору түзүлдү.

Сентябрь айында техникалык коопсуздук жана жолдо жүрүү эрежелери боюнча класстык сааттар өтүлдү.

Суицидди алдын алуу боюнча класс жетекчилер менен бирдикте суицидди болтурбоо тууралуу алдын ала иш-чаралар өткөрүлдү. Класс жетекчилердин класстык иш пландарына киргизилүүсү сунушталды. Ноябрь айында суицидди болтурбоо, алдын алуу боюнча ата-энелер жыйналышы өтүлүп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Класс жетекчилер мектеп ичиндеги каттоодо турган окуучулар менен кеп-кеңеш жүргүзүп турушту.

Жыл башында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча жүргүзүлүүчү иш чаранын планы түзүлдү. Окуу жылынын башында класс жетекчилер окуучулардын эрежелери жана милдеттери менен тааныштырышты.

Сентябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы болуп, «Зордук зомбулукту алдын алуу», «Эрте никеге туруунун зыяндуулугу» тамеки жана насвай тууралуу айтылды.

Сентябрь айында укук бузууларды алдын алуу кеңеши түзүлүп, кылмыштуулукту алдын алуу тууралуу окуучуларга маалымат берилди.

7-11-класстын окуучулары менен баңги заттар тууралуу аңгемелешүү жүргүзүлүп, 7-класста «Тамеки – өмүргө зыян», 8-класста «Насвай – ден-соолуктун душманы», 8-11-кл. «Алкоголизм жана наркотикалык заттар» аттуу класстык сааттар,тегерек столдор болуп өттү.

Класс жетекчилер менен бирге «Баңгилик жашоо душманы» деген дубал газета чыгарылды.

Ноябрь айындагы жалпы ата-энелер чогулушунда «Баңгилик алкоголизм бүгүнкү күндүн эң коркунучтуу дарты» аттуу доклад окулду.

Октябрь ноябрь айларында тартиби начар, сабакты көп калтырган окуучулар мектеп учетуна алынды. Учетко алынгандыгы тууралуу ата-энелерине билдирилди. Класс жетекчи жана соц педагог, тарбия завуч тарабынан учетто турган окуучулардын сабакка катышуусу жана кылмыштуулукту алдын алуусуна көзөмөл жүргүзүлүп турду. Класс жетекчилердин кеңешмелеринде тартиби начар окуучулар менен иш алып барылган иштер талкууланды. Ар бир майрамдарда рейддер жүргүзүлдү. Тартиби начар окуучуларды ар кандай кружокторго, спортко, китепканага тартуу иштери жүргүзүлдү.

Октябрь айында диний экстремизмди алдын алуу боюнча 9-11-класстарга тегерек стол өтүлдү.

Укук бузууларды алдын алуу планы түзүлүп,кылмышка баруучу балдар менен класс жетекчилер жана соц педагог тарабынан өзүнчө сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү. Ай сайын тартип бузган балдардын ата-энелери менен аңгемелешүүлөр болду.

Ноябрь айында кылмыштуулукту алдын алууда, мектеп ИДНи Асылбек уулу Саддам менен биргеликте 8-11-класстарга тартип, рекетчилик кылмыштуулук тууралуу жыйшалыш өтүлдү.

Ноябрь айында «Тамеки, насвай, алкоголь ден-соолукка зыян» аттуу слайд көрсөтүлдү.

Декабрда 9-11-класстарга сергек жашоо образына үгүтөө жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, класстык сааттар өтүлдү.

6-11-класстын класс жетекчилерине АДК кызматкери келип, туура тамактануу жана жугуштуу эмес оорулар тууралуу семинар өтүлдү.

Өрт жана техникалык коопсуздук жана жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча 1-11-класстарда класстык сааттар өтүлдү.

Ак-Тилек орто мектебинде январь айында, сабакты көп калтырган окуучулар менен иш жүргүзүлдү. 9-класста окуган Болотбеков Белек, 8-класстын окуучусу Харченко Владимир, 5-класста Харченко Никиталар менен өз алдынча иш жүргүзүлдү, ата-энеси мектеп менен тыгыз байланышта болду. Мектеп ичинде ата энеси мигрант балдардын опекуну менен байланышта болуп, балдардарды кызыктыруу менен мектеп ичиндеги спорттук оюндарга тартылды.

Январда ата-энелердин жалпы жыйналышы болуп, ата-энелерге зордук-зомбулук, суицид, эрте никеге туруу, тамеки жана наркотикалык заттар жөнүндө маалымат берилип, балдарга көзөмөл жүргүзүп тургандыгы айтылды.

"Эрте кош бойлуулук -ден соолукка заян" деген темада 7-11-класстын кыздарына тегерек стол өтүлдү

Февраль айында "укук бузуунун алдын алуу жолдору" деген темада 5-11-класстарга диспут сабагы өтүлүп, кылмыштуулукту алдын алуу - боюнча слайд көрсөтүлүп, рекетчилик, зордук-зомбулук тууралуу аңгемелешүү жүргүзүлдү. 8-11-класстарга өзүн-өзү тарбиялоо, "Тарбиянын негизги булагы" аттуу ачык сабак өтүлү.

Инсандык адеп-ахлактык дене тарбиясын өнүктрүүсүнө карата "Кана эмесе балдар" конкурсу, "Мекеним -Кыргызстан" эстафеталык оюн өтүлдү.

Март айында сабакты себепсиз калтырган окуучулар менен класс жетекчилер менен бирдикте иш алып барылды.

Окуучу курагында кыздарга кош бойлуулукка жол бербөө аттуу 7-11-класстарга диспут өтүлдү. 7-8-класстарга "Тамеки ден-соолукка зыян" ачык класстык саат өтүлдү.

8-11-класстарга " Аракечтик улутту жок кылат" аттуу тегерек стол өтүлүп, тамеки, спирттик ичимдиктер жана наркотикалык заттардын ден

соолукка зыяндуулугу жөнүндө кеңири айтылып, балдарга түшүнүк берилди.

Үй бүлөөдөгү зордук зомбулукту алдын алуу боюнча 1-11-класстага класстык саатар өтүлүп, аз камсыз болгон үй-бүлөөлөрменен иш алып барылды. 4-11-класстарга Кургак учукбоюнча жат жазуу жаздырылып, “Кургак учукту токтотуу” аттуу 1-11-класстар арасында класстык сааттар өтүлдү.

Жыл ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдардын дене бою жагынан психикалык-социалдык руханий адеп ахлактык өнүктүрүү жөнүндө аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп турду.

Инсандын руханий адеп ахлактык үй-бүлөлүк баалуулуктар баюнча плакаттар, буклетт, бурчтар түзүлдү.

Жыл ичинде “Инсандын өнүгүүсүндө үй-бүлөлүк адеп-ахлактык өнүгүүнүн баалуулугу” калсстык саат 1-4-класстар, “Атуулдук улутмандык ар-намыстуулукжана жарандык күчтүү позицияны кармануу” класстык саат5-8-класс, “Жалпы адамзаттык жана  улуттук идентүүлүктү жана улуттук мамлекетти чыңдоо” класстык саатар 9-11-кластарга өтүлдү.

Ата-эне жана класс жетекчилер мене бирге, тарбиясы  начар бадар менен иш алып барылды.

Апрель  айында жалпы ата-энелер жыйналышы өтүҗлүп, окуучулардын окууга болгон кызыгуусу тартиби- тазалыгы жана жол эрежелери айтылды.

Аскердик атуулдук  ырлардын кароо сынагына 10-класстын окуучусу Шамиева Бактыгул катышты.

Тартиби начар, окууга кызыгуусу начарлаган окуучуларга “Спорт ден- соолуктун булагы деген темада мелдеш өткөрүлдү.7-апрель ден

соолук күнүнө карата 8-11-класстар арасында “Ден соолук өмүр- булагы” аттуу викториналык сабагы өткөрүлдү.

Ар бир жуманын шаршемби күндөрүндө мектеп ИДН Асылбек уулу Саддам келип балдарга кылмыштуулукту алдын алуу боюнча жыйналыш өтүп турду.

Май айында “Кыз ала качуу кылмыштуулук” деген темада 9-11-класстарга тегерек стол өтүлүп, кыздардын тартиби тазалыгы жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

”31-май дүйнөлүк тамеки күнүнө каршы ” аттуу 7-11-класстарга слайд көрсөтүлүп. 7-8-класстарга рекетчиликти жоюу тууралуу жыйналыш өтүлүп, рекет кылмыштуулукка алып бара тургандыгы тууралуу окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата окуучуларга жайкы эс алуу лагери уюштурулган, капиталдык ремонт байланыштуу, окуучулардын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугун эске алуу менен жайкы лагерь токтотулду.

9-11-класстырдын окуучуларына «Адам сатуу кылмыш» тууралуу маалымат берилди.